БЕКИТЕМИН
№ 8 жалпы билим берүү орто
мектебинин директору
Алчынбаева Н.Н. ________
"__1__" __сентябрь__ 2022-ж.

**№8 жалпы билим берүү орто мектебинин окуучусунун этикалык кодекси**

1. Мектеп окуучусу мугалим менен жолукканда учурашуусу абзел.

2. Мектеп окуучулар кире бериштен улуулар же мугалимдер менен кезигип калса, аларга жол бошотуусу зарыл.

3. Мектепте окуучулар кызматтык стилде кийинүүсү милдеттүү.

4. Мектепте окуучу кыздар боенуп, косметикалык каражаттарды колдонуусуна тыюу

салынат.

5. Ашканага сырткы кийимсиз кирүү керек. Тамактануудан кийин идиш аякты өздөрү жыйнашат.

6. Класска мугалим кирип келгенде окуучулар ордунан туруп саламдашат.

Ошондой эле улуу адамдар кирген учурда да ушундай шартта учурашышат.

7. Сабак учурунда ызы-чуу салганга, башкаларга тоскоолдук жаратуусуна, өзүнүн ар нерсеге алагды болуусуна, сабакка тиешеси жок оюндар менен ойноп сабакка тоскоолдук жаратуусуна тыюу салынат.

8. Окуучу мугалим талап кылганда күндөлүктү көрсөтүүгө милдеттүү.

9. Сабак убактысында мугалимдин же медайымдын уруксатысыз мектептен кетип калуусу болбойт.

10. Окуучулар мектептин жана башкалардын буюмдарына аяр мамиле жасоосу керек.

11. Танапис учурунда чуркап, түртүшүп, тартышып кыйкырууга болбойт. Бул ден соолукка жана өмүргө зыян келтирет.

12. Оозго алгыс, уят сөздөрдү айтууга, окуучу мугалим менен кайым айтышууга жол берилбейт. Мугалимдер жана башкалар мектепте иштеген кызматкерлер менен сылык мамиледе болуусу шарт.

13. Окуучу өзүнүн пикир келишпөөсүн ой пикирин башкалар менен макул эместигин билдирүүсү мүмкүн, бирок алардын көз карашын цивилизациялык жол менен чечүү керек. Окуучулар жалган маалымат таратуу да жоопко тартылат.

14. Жоголгон жана таап алган буюмдар болсо администраторго, кароолчуга же нөөмөтчүгө, мугалимге тапшырууга милдеттүү.